**УДК 781.3**

***Колдошов Т.Р.***
*к.филол.н.,доц. Кырг. гос. универ. культ. и иск. им. Б.Бейшеналиевой, Кыргызская Республика*

## КЫРГЫЗ ОБОНДУУ ЫРЛАРЫНЫН КАЛЫПТАНУУСУ, ӨНҮГҮҮСҮ ЖАНА ВАРИАНТТУУЛУГУ

*Байыркынын түпкүрүнө алып барган кыргыз элинин обондуу ырларынын калыптануусу, нечен кылымдардан бери тынымсыз өнүгүү жолунда болду. Бир доор менен экинчи доордун алмашуусунда, жалпы коомчулукта өзгөрүүлөр болуп өтүүсү, элдин жашоо-тиричилиги менен катар, маданий өнүгүүсүнө да өзүнүн таасирин берээри маалым. Музыкалык маданият тармагындагы бирден-бир негизги орунду ээлеген элдик ыр чыгармачылыгы да, ошол өзгөрүүлөр менен таасирленген. Элдик ыр чыгармачылыгында, обондуу ырлардын калыптануусунда жана өнүгүүсүндө, алардын түрдүү мүнөздүүлүгү, жанрдуулугу жана көп варианттуулугу, ошол коомчулукта болуп турган өзгөрүүлөр, кубулуштар, ошондой эле карапайым элдин жашоо-тиричилиги менен тыгыз байланышта калыптануу жолунда болгон. Жумушта, элдик обондуу ырларынын байыртадан берки калыптануу жолу, өнүгүү процесси жана көп варианттуулугу тууралуу маалымат берилет. Кыргыз эл ырларынын эң алгачкылары элдин жашоо-тиричилиги: эмгеги, эс алуусу, үй-бүлөлүк жашоосу, той-тамашалары жана башка менен байланышта жаралгандыгы тууралуу айтылат. Ошондой эле элдик обондуу ырларда элдин тиричилиги, кубанычы, кайгы-капасы, кусалыгы жана башка чагылдырылуу менен, улуудан кичүүгө, муундан муунга өтүп, эл ичинде сүймөнчүлүккө айланып, салт катары ырдалып келгендиги ачылып берилет. Жумушта ошону менен бирге, бүгүнкү күндө коомчулукта ар кандай өзгөрүүлөрдүн болуп өтүүсүнө карабастан, обондуу ырлардын өнүгүүсүн улантуусу көрсөтүлгөн. Автордун ою боюнча элдик ыр чыгармачылыкты изилдөө, обондуу ырларды талдап, өздөштүрмөйүнчө жүзөгө ашпай тургандыгы белгиленет. Изилдөөнүн жаңылыгы кыргыз ырларынын обондуулугунун өзгөчөлүгүн ачып,терең талдоо жүргүзүүдө экендиги көрсөтүлөт.*

***Негизги сөздөр:*** *кыргыз обону; кыргыз ырлары; обондуу ыр; ыр чыгармачылыгы; жанрдуулук; варианттуулук; дастан; терме; ыр формасы.*

## СТАНОВЛЕНИЕ, РАЗВИТИЕ И МНОГОВАРИАНТНОСТЬ КЫРГЫЗСКИХ ПЕСЕН

*В данной работе рассматривается становление кыргызских народных песен, которые на протяжении многих веков беспрерывно были на пути развития. Известно, что изменение жизнедеятельности народа от одного устоявшегося состояния на другой, влияет также и на культурное развитие. Народное творчество которое занимает немаловажное место в культурном направлении, также подверглась этим изменениям. Формирование и развитие народного творчества, песен и мелодий были тесно связаны с жизнедеятельностью народа, и общества наравне менялся характер, жанр и многовариантность. Несмотря на происходящие в современный период социокультурные изменения, песенное творчество имеет высокий потенциал для сохранения, распространения и развития. Это, прежде всего обусловлено функциями, которое песенное творчество выполняет в современном кыргызском обществе. В работе также расматриваются вопросы, связанные с традицией кыргызской песенной исполнительской культурой, истоками, развитием и значением в жизни народа на протяжении его истории. Обращение к данной теме обусловлено проблемой отчуждения современной культуры от своих исторических основ. Исследование песенного творчества народа невозможно без постижения кыргызской народной песни. Новизна исследования состоит в попытке провести углубленный анализ мелодических особенностей кыргызской народной песни.*

***Ключевые слова:*** *кыргызская мелодия; кыргызские песни; мелодия; песня; песенное творчество; жанры; вариантность; дастан; терме; песенняя форма.*

## FORMATION, DEVELOPMENT AND MULTIVARIATION OF KYRGYZ SONGS

*This article examines the formation of Kyrgyz folk songs, which for many centuries have been continuously on the path jf development. We all know that a change in the of a people from one established*

*state to anoher also affects cultural development. Folk art, which occupies an important place in the cultural direction, has also undergone these changes. The formation and development of folk art, songs and melodies were closely connected with the life of the people and society, and the character, genre and diversity also changed. Despite the sociocultural changes occurring in the modern period, song creativity has a high potential for preservftion, dissemination and development. This is primarily due to the functions that song creativity performs in modern Kyrgyz society. The article also examines issues related of Kyrgyz song performing culture, its origins, development and significance in the life of the people throughout its history. The appeal to this topic is due to the problem of alienation of modern culture from its historical foundations. The author of the article believes that the study of the song creativity of the people is impossible without understanding the Kyrgyz folk song. The novelty of the study lies in the attempt to conduct an in-depth analysis of the melodic features of the Kyrgyz folk song.*

***Key words:*** *kyrgyz melody; kyrgyz songs; melody; song; song creativity; genres; variation; dastan; terme; song form.*

Эл ичи руханий баалуулукка өтө бай. Ошол баалуулуктардын бири – элдик обондуу ырлар. Кыргыз элдик обондуу ырлары эки пластка бөлүнөт. Биринчи пласт – төкмө акындардын жана дастан айтуучулардын чыгармачылыгында кезиккен речитативдүү обон, ал эми, экинчиси – ырчы-аткаруучулардын чыгармачылыгындагы обон созуп ырдоо болуп эсептелет.

Обондуу ырларды ким жараткан? Обондуу ырларды ошол эл ичинен чыккан таланттуу музыканттар жараткан. Обондуу ырды эне да жараткан. Элде, “Жашоо бешик ырынан башталат” дегендей, наристе бу жарык дүйнөгө келгенде, аны оозантып, бешикке бөлөп, эне обон салып, “Бешик ырын” ырдоо эзелтеден салтка айланган. Эненин бул ырынын байыркылыгын анын поэтикалык саптарынан байкайбыз.

Эненин “Бешик ырынын” мазмунунда, бешиктеги баланын келечек жашоосу, эрезеге жетип, эл-жери үчүн кам көргөн, ар-намыстуу, адеп-ахлактуу, ыймандуу эл кишиси болуп өсүүсүн тилеген ак тилектери камтылган. Мындай мазмундагы “Бешик ырлар”, энеден кызга, кайын энеден келинге өтүү менен калыптанып, улам кийинки муундарда сакталып өнүгүп келди. Бешик ыры, обондуу ыр, күү тууралуу адабиятчы С. Исаева өзүнүн оюн мындайча билдирген: “Кыргыз баласы төрөлгөндө жеке эле эненин сүтү менен эмес, таңшыган комуз күүсү, таберик ыр, обон, ар бир кыймылына берилген бий менен да оозаныптыр. Анан, ал бийге коштолгон эсине эмчек сүтү сыңары сиңген бешик ыры... Ата-энеден, урук-туугандан, киндик кан тамган жеринен ажыратылган баланын эсинде башкасы калбаса да, мына ушул “кулактан кирип бойду алган, кудурет күчү ойду алган” комуз күүсү, ыр, обон, бий – анын ошол бий менен бирге аткарылган бешик ыры калат турбайбы. Кыргыздардын комуз күүсүнүн коштоосунда бийлегени, обон салып ырдаганы, мына ошол бешикте экенинде уккан күү, обондор энесинин бешик ырын эске салып жатты” [1]. Демек, обондуу ыр, комуз күүсү, алар коштогон бий да, адам баласы төрөлгөндөн баштап, анын калыптануусуна зор таасирин бергендигин айтууга болот.

Эмгек ырларынын жаралышына, эң алды элдин жашоо-тиричилиги менен тыгыз байланыштагы, тамак-аш табуу үчүн мергенчилиги, андан соң, мал чарбачылыгы, кийинчерээк дыйканчылыгы, тиричиликтин мына ушундай формалары убакыт өткөн сайын, улам кийинки урпактарга өткөрүлүп, жалпы коомдун өсүп-өнүгүүсүнө негиз болгондугун айтууга болот. Мына ушундай ой толгоодогу пикирлер боюнча алганда, мезгил өтүп, доор алмашуулар менен, коомдун экономикасы ар түрдүү тарыхый өнүгүү шарттарында өзгөрүүлөр болсо да, көбүнчө мал чарбачылык менен дыйканчылык кеңири жайылганын көрөбүз. Сөзсүз түрдө, элдик ыр чыгармачылыгында, обондуу ырлар да, алар менен эриш-аркакта өнүгүү жолунда болгон.

Кыргыз адабиятынын классиктеринин эмгектеринде коомдогу саясий укук, философиялык, диндик, адабияттык, поэтикалык, көркөмдүк сыяктуу маселелерге болгон көз караштар, коомдун экономикасынын негизине карата өсүп-өнүгүп келгендиги көрсөтүлгөн. Философиялык көз караашта караганда, коомдун экономикасынын, материалдык жашоо-тиричилигинин, руханий дүйнөсүнүн өнүгүшү, адам баласынын акыл-эсинин, сезимталдуулугунун, күч-кубатынын аркасындагы эмгегинин натыйжалары экендигин айтууга болот. Ал эми, эмгек болсо, адамдын ой толгоосунун, кыймыл-аракетинин, сөз өнөрүнүн өнүгүшүнө өзүнүн таасирин бергендигин көрөбүз. Мындай тенденция, байыркы элдин ыр чыгармачылыгында эң алгачкылардын биринен болуп, эмгек ырлары жаралгандыгын баамдоого мүмкүнчүлүк берет. Себеби, ыр чыгармачылык адам баласынын жашоо-тиричилиги эриш-аркакта болгон эмгек менен тыгыз байланышта болуп, эмгек процессин чагылдырган. Ошондуктан, эмгек ырларынын пайда болушу, кандай гана эмгектин түрү: мал чарбачылык, дыйканчылык, мергенчилик, кол өнөрчүлүк жана башка болбосун, аны өтөө процессинин мүнөзүнө, максатына, анын ыргактык жүрүшүнүн кыймыл-аракеттерине мүнөздүү болгон. Демек, адамдар өзүлөрүнүн эмгегинин үзүрлүү, түшүмдүү, төлүнүн көбөйүшү үчүн, максаттуу багыт алуу менен иш-аракеттерде болушкан. Биздин мындай ой жүгүртүүбүзгө, бүгүнкү күнгө чейин сакталып келген эмгек ырларынын мазмуну, түзүлүш формалары жана алардын тарыхый өнүгүүлөрү негиз болууда.

Кыргыз эли нечен кылымдар ичи көчмөндүк жана мал чарбалык жашоону башынан өткөрүп келгендиги белгилүү. Ошону менен бирге, тынч жаткан элге сырткы душмандардын кол салууларынан, карапайым элдин тынчтык үчүн, эркиндик үчүн күрөшүүсү тынымсыз болгон. Маданият таануучулук ой толгоолор менен айтканда, жашоонун мына ушундай формалары, сөзсүз түрдө карапайым элдин музыкалык жана поэтикалык чыгармачылыгына таасирин бербей койгон жок. Бул жагдайда, А. А. Арзыханова: “Кыргыздардын маданиятынын бардык элементтерине, тышкы факторлордун жана кырдаалдардын абдан олуттуу таасир беришинен жашоонун көчмөн жана чарбачылык формалары маанилүү ролду ойногондугу талашсыз” – деп жазган [2]. Демек, карапайым элдин бүтүндөй жашоосу: эмгектениши, чарбачылыгы, дыйканчылыгы, кол өнөрчүлүгү, жер-суусун, элдин бакубат жашоосун коргоосу, ошону менен бирге көркөм өнөрүндөгү чыгармачылык ишмердүүлүктөрү, кандай гана кырдаалдар (ички жана тышкы) болбосун, ар дайым эриш-аркакта калыптанып, тынымсыз өнүгүү жолунда болгондугун ачык көрөбүз.

Негизинен кыргыз элинин көчмөндүүлүк менен байланышкан мал чарбачылыгы жашоо-тиричилиги менен эриш-аркакта болсо да, кандайдыр бир деңгээлде дыйканчылык менен алектенишкендиги тарых барактарынан белгилүү. Окумуштуулар, кыргыздардын байыркы Ата-Журту, көчмөн мал чарбачылыгын жүргүзүүгө, кол өнөрчүлүктүн ар кыл түрүн өнүктүрүүгө (темир иштетүү, зергерчилик, жыгач устачылык, тери ийлетүү жана ултаруу, кийиз жасоо, өрмөчүлүк, оймочулук жана башка), аң улоону, аскердик өнөрдүн жана оюн-зооктун түрүн колдонууга мүмкүнчүлүк түзгөн берекелүү жайлардын бири болгондугун аныкташкан [3]. Ал эми, С. М. Абрамзондун ою боюнча, “азыркы кездеги кыргыздар мекендеп турган аймакта дыйканчылык маданияты алда качантан эле болгон. Ал байыркы Ферганада кыйла өнүгүүгө жетишкен, биздин заманга чейинки 1-миң жылдыктын экинчи жарымында дыйканчылык маданияты Чүй өрөөнүндө гүлдөө мезгилин башынан өткөргөн” [4]. Окумуштуулардын айтымына караганда, кыргыз эли дыйканчылык иштерин, жер айдоо, эгин эгүү, аны терип-жыйноо жана аларды иштетүүлөрү байыркынын түпкүрүнөн бери жүргүзүлүп келе жаткандыгын ачык көрүүгө болот. Демек, байыркы кыргыздардын мал чарбачылыгы,

дыйканчылыгы менен катар, обондуу ыр чыгармачылыгы калыптанып, өнүгүү жолунда болгондугун айтууга болот.

Кыргыз элинин эмгек ырларынын эң алгачкылары качан, кайсы мезгилде жаралганы белгисиз болсо да, малчылыктагы "Бекбекей", "Шырылдаң", дыйканчылыктагы "Оп майда", кол өнөрчүлүктөгү "Тон чык" сыяктуу обондуу ырлардын кайрыктарынан, тээ байыркы элдин жашоо-тиричилигин чагылдыргандыгын байкайбыз. Эмгек ырлары боюнча музыка таануучу Б.Алагушов: "Эмгек ырлары өзүнүн музыкалык түзүлүшү, обону, аткаруу ыкмалары жагынан ар түрдүү. Көпчүлүк ырлар сабатмалуу обондо" – деген өзүнүн мүнөздөмөсүн берген [5]. Демек, мындай ой эмгектин ыргагынын жүрүшүнө жараша ырлардын ылдамдыгынын ыргактуулугун, аны менен айкалышкан обондуулугун баамдоого мүмкүнчүлүк берет.

Мал чарбачылыгына байланышкан "Бекбекей" обондуу ыры кой-короо кайтарган кыз-келиндердин ыры болуп, негизинен унисондо тобу менен шыгыр түрүндө ырдашкан. Обондуу ыр байыркы мезгилде жаралган. "Бекбекейдин" созулуңку обону "ээ", "эй," "ой", "ий" деген сырдык сөздөрдүн жардамында курулуп, бир эле кайрыктын ар кыл ыргак менен түрдүү метрикалык, ладдык абалда аткарылышын көрөбүз.

"Бекбекей" ырынын саптары 7-8 муундан туруп, шыдыр уйкаш, аксак уйкаш, кээде кайчы уйкаштар менен курулган. Ал эми обону болсо, жайдары ритмдеги созулуңку, аткаруучулардын бири-бирин угуп ырдоосуна ыңгайлашкан. Убакыттын өтүшү менен, ыр көптөгөн тексттик өзгөрүүлөргө учурап вариацияланса да, бир эле негизги обондо ырдалган. Обондун маанайы, тексттин куюлушкан уйкаштыгы элпек болуп, ырчылар обонго өздөрү сөз курап ырдай бергенге ыңгайлуу.

Жай мезгилинде жайлоодо ырдалган "Бекбекей" ырын кышында, эрте жазда, жана кеч күздө ырдашкан эмес, себеби ал мезгилде майда жандыктар кыштоодо болуп, колдо каралган. Обондуу ыр катары ырдалса да, шарттуу түрдө гана ырдалган. Кыргыздар мал жандуу болгондуктан, кыз-келиндер короону тегеренип айланып, же ар жерге туруп алып бир үндө ырдашкан. Короодогу малдын көбөйүшүн, ит-куштун каны сөгүлүүсүн тилешкен жана ырда тотемдик ишенимдер камтылган. Обондуу ыр дегенде тексттеги кыскалык же болбосо 4-5 түрмөк ойго кылт этет, "Бекбекей" ырында болсо, ырдын түрмөктөрүнүн так саны белгисиз. Ал таланттуу адамдар тарабынан улам байып, толукталып ырдала берген.

"Бекбекей" ырын ырдоонун максаты – уктап калып, короодогу койлор карышкырга жем болбосун деген ой гана эмес, ошону менен бирге, кыз-келиндер караңгы түндө бири-биринин көңүлүн көтөрүп, таңды атырыш үчүн, лирикалуу, обондуу келген ыр менен ички сезимдерин билдирүү болгон. "Бекбекей" ырын ошол короо кайтаргандардын арасындагы ышкылуу таланты бар, жамактап ырдаган ырчы-акындык жайы барлар жаратышкан. Короо кайтаргандардын көпчүлүгү ошол даяр тексти аткарышкан. Кыргыздардын мал багуу жагдайы менен таанышкан музыка таануучу В. М. Беляев "Бекбекей" ыры тууралуу мындайча мүнөздөмө берген: "Бул ырдын аталышы "бекбекей!" башкача айтканда "короону бек кайтар!" деп короо кайтарууда үн чыгаруудан келип чыккан" [6].

Элибизде жылкычылардын "Шырылдаң" аттуу ыры да өзүнчө сөз кылууга арзый турган обондуу ыр болуп эсептелет. Жылкычылар арасында салт катары ырдалган "Шырылдаң" ыры жылкы жаныбарына арналып чыгарылган. "Шырылдаң" обондуу ыры унисондо шыгыр түрүндө ырдаганга ылайык болуп, сегиз муундан турган ыр сабы эмоциялык "эй" деген кыйкырык менен коштолот. "Шырылдаңдын" обону шамдагай, өктөм ырдалып, жигиттик чечкиндүүлүк байкалып, тездетилген мүнөзгө ээ.

Жылкычылар жайдыр-кыштыр ысык-суукка карабай байлардын жылкыларын кайтарып жүргөндө ырдашкан. Ырдын мазмунунда жылкычылардын оор турмушу баяндалуу менен,

алар үй кыдырып ырдашкан. Мына ушул көрүнүш “жарамазан” салттык ырларына жакын экендигинен кабар берет. Элдик ырлардын байыркылыгы, кайсы бир деңгээлде бири-бирине жакын, үндөшүп турганын көрүүгө болот. “Шырылдаң” ырдагандар негизинен колунда жок болсо да, таланттуу адамдар болушкан. “Жыргаганымдан жылкычы болуптурмунбу?” деген сөз да бекеринен айтылбаса керек. А. Затаевичтин пикири боюнча, “Шырылдаң” өткөн заманда тоодон жакага түшкөн шыбага чогултуп алуу үчүн түнкүсүн айыл-айылды кыдырып ырдай турган ыр болгон” [7]. “Шырылдаң” ырын ырдагандар үй ээси тамак-аш, кийим-кечек берсе, жылкычылар аларга жакшы батасын берип, андан ары жолун улаган. Кийинки мезгилдерде бул ыр ырдалбай, унутулуп бараткан элдик ырлардын бирине айланды.

Жаз алды менен эгин эгип, дыйканчылык менен алектенген элдин ошол мезгилге жараша ырлары болгон. “Себүү”, “Эгин сепкенде”, “Сугат”, “Эгин бышып турганда”, “Эгин оргондо”, “Оп, майда”, “Машак терүү”, “Жаргылчагым”, “Тегирменим” жана башка элдик ырлар буга мисал болот. Дыйканчылыкты чагылдырган бул ырлар, бири-бирин толуктоо менен, алардын баары бир сызыкта байланып турат. Ал ырларда, эгиндин түшүмү берекелүү болсун, эмгектин акыбети кайтсын, элге, үй-бүлөбүзгө буюрсун деген ниеттеги дыйкандардын тилеги билдирилген. Жогоруда аталган ырлардын ар биринин өзүнө мүнөздүү келген, дыйкандардын иш-аракеттери коштолуп ырдалган. Алсак, кеңири белгилүү “Оп майда” ырында, күзүндө кырман бастырып жатканда, “Топондору сизге пайда, /эгиндери бизге пайда. Майда, майда, оп, майда!” – деп, бирдей ритм менен көпчүлүк дыйкандар бир үндө ырдашкан. Байыркы убакта кырмандын ортосуна мамы орнотуп, ага уйларды, өгүздөрдү байлашкан. Өгүздөрдү айдаганда алар мамыны айланып басышканда жип да кошо айланган.

“Оп, майда” өзүнүн мазмунуна мүнөздүү обондо, кырманчылардын иш процессине байланыштуу жандуу ритмде, жайдары мүнөздө салмактуу ырдалат. Обон, теминге кошулган малдын басыгына жараша ылдамдыктагы ыргактуулукка мүнөздүү. Ырдын текстинде эмгекти даңктоо, дыйкандардын кубанычы, түшүмдүн берекесин берсин деген тилектер айтылган. “Майда, майда, /майдалай бассаң жаныңа пайда” – деп кырмандагы буудайдын машактарын (баштарын) майдалап жаткан өгүзгө карата да айтылган саптары бар. Демек, жумушту эртерээк бүтүрүү, өгүздү чарчатпоо, жамгырга калтырбай эгинди жыйнап алууга болгон аракеттер байкалат.

Эмгек ырларынын ичинде кол өнөрчүлүккө тиешелүү ырлар да бар. Алсак, “Кийим бычканда”, “Тон бычуу”, “Тон чык” жана башка ушул сыяктуу ырлар жумуш жасап жаткан учурда ырдалган. Мисалы “Тон чык” ырында, тикмечи малдын терисин ашатып, ийине келтирип, бир тонго жете тургандыгын, анын иштелип чыгышы да, ойдогудай болушун тилегендиги чагылдырылат.

Элдик оозеки чыгармачылыкта салттуу ырлардын булактарынан болгон Бекбекей, Шырылдаң, Оп майда ырларынан тышкары секетпей, күйгөн, арман, санат, терме, кошок сыяктуулар да саналат. Лирикалык ырлар “Секетпай” менен “Күйгөн” деп экиге бөлүнөт. “Секетпай” ырларына негизинен ашыктык, сүйүү, арзуу ырлары кирип, махабат даңазаланат. Лирикалык каарманды айга, күнгө теңеп, анын сулуулугуна суктанып, сүйгөнүнүн басканын, мүнөзүн, көздөрүн, чачтарын, күлкүсүн салыштыруу менен сыпаттайт. Бул сыпаттоо обон менен шөкөттөлгөндө көңүл көтөрүлүп, өмүрдүн ар бир мүнөтүн сүйүү менен жашап өтүүгө чакырат. Ал эми, “Күйгөн” ырлары арман ырлары менен үндөшүп, адамдын ички абалын, толгонуусун билдирген, муңайыңкы, созулмалуу келген обон менен ырдалат. Мындай ырларга көңүл чөгүү, санаага батуу мүнөздүү болуп, сүйгөнүнө жетпей калган жигиттин же кыздын арманы айтылат, анын жашоосундагы кайгылуу күндөрү сүрөттөлөт. “Секетпай” ырларынын темпи көп учурда ылдам жүрүштө болгондуктан, обону созулбай, муундары

бирдей тондо ырдалып, созулуштары да окшош болот. Ал эми, “Күйгөн” ырларында тексттеги мааниге басым жасалып, обону созулуп ырдалуу менен, кошумча муундар (“эй”, “ой”, “гана”, “ай” жана башка ушул сыяктуу) пайдаланылат. Обондун ритми менен тексттин өлчөмү биригип, бүтүндөй бир композицияны түзөт.

“Арман” ырлары да, “Күйгөн” ырлары мүнөздүү келип, жигиттин же кыздын бири-бирине жетпей калганы, бирөөнүн жакшы адамынан, же эл-жеринен ажырап, бөтөн жерде жүргөнү, жашоо-турмушунда жабыр тартканы сыяктуу мазмундарда болот. Алар көбүнчө зарлоо, көксөө, кайгыруу, эңсөө мүнөздөргө ээ. Ал эми, “жаман айтпай жакшы жок” дегендей, шум ажал келип, аалам салгандарга, арман кылып, ички күйүтүн, кайгы-капасын, муң-зарын обондуу ыр саптарынан чыгарып, ырчы-акындар “жоктоо армандарын” кайрышса, аспапчы-күүчүлөр “көкөй кести” күү кайрыктарында билдиришкен, Ал эми, аялдар “кошок” кошуу менен аза күтүшүп, маркумду акыркы зыйнатын жасап, жайына узатышкан. Фольклорчу А. Токомбаева: “Кошок элдин каада-салт ырларынын ичинде орчундуу орунду ээлейт”, - деп жазган [8]. Демек, кыргыз элдик оозеки ыр чыгармачылыгында, кошок дагы, күйгөн, секетпай сыяктуу эле, салт ырлары катары каралгандыгын айтууга болот. Кошокту ырчы-акындар да кошушкан. Мисалы, улуу манасчы Сагынбай да кошокторду жараткан. Анын Кара “Бабанын баласы каза болгондогу кошогу”, “Мергендин аялы каза болгондогу балдызынын кошогу” сыяктуу кошоктору басмадан жарыкка чыккан.

Санат, терме, айтыш, алым сабак ырлары көбүнчө төкмө-акындардын чыгармачылыгында кеңири кездешет. Төкмө акындардын мындай жанрлардагы ырлары, чыгармачылык аткаруучулук чеберчилигине мүнөздүү обондо болот. Алар 8-12 муундан туруп, нөшөр жамгырдай сабалап төгүү менен ырдалган. Ар бир төкмө-акындын өзүнө тиешелүү обону болгон. Мисалы, Токтогулдун обону, Алымкулдун обону, Жеңижоктун обону, Барпынын обону, Осмонкулдун обону сыяктуу. Төкмө акындардын ар биринин обону, өзүнүн чыгармачылыгына жана аткаруучулугуна мүнөздүү келген. Ырчылык-обончулук өнөр манасчылардын арасында да болгон. Алсак, Сагынбай, Саякбай манасчылар кадимкидей обон созуп, элдик ырлардан ырдап, өзүлөрү да обон жаратышкан. Ч. Болсуналиев өзүнүн эскерүүсүндө мындай деген: “Сагынбай “Манас” эпосунан тышкары ырдаган учурларда, анын ырларынын басымдуу көпчүлүгү санат-насаат ырлары болгон. Улуу манасчы ошондой эле, аш-тойлордо жарчы да болгон” [9].

Элибизде, салттуу ырларынан болуп, кызды күйөөгө узатуу ырлары кеңири ырдалган. Аларга “Кыз узатуу”, “Ой-дай”: “Жар-жар!” Кандай гана ырдоо болбосун, ал көбүнчө аспаптын (комуз, кыл кыяк) коштоосунда аткарылган. Элде, той-тамашаларда, майрамдарда комузун кубулта коштоп, жаркын маанайда ырчылар обондорун созушса, акындар айтыштарын ортого салышып, элдин көңүлүн ачкан. Оюн-зоок, тамаша салышып, “Ак чөлмөк”, “Шабиет”, “Селкинчек” сыяктуу элдик обондорду созушкан.

Элде, жыл ичинде өткөрүлүүчү майрамдар да арбын болгон. Аларга “Орозо айт”, “Курман айт”, жазында “Нооруз”, “Үлүш майрамы”, күз келгенде “Түшүм майрамы” сыяктуулар кирген. Ар бир майрамда, ага мүнөздүү обондуу ырлар аткарылган, Алсак, “Орозо айт” майрамында “Жарамазан” ырынын көптөгөн үлгүлөрү ырдалган. Бул ырдын бир канча түрлөрү бүгүнкү күнү да ырдалып келүүдө.

Элдик обондуу ырларыдын башатынан болуп, “Бакшынын ыры”, “Думананын ыры” да эсептелет. Себеби, алар да, элдин жашоосунда орчундуу орунду ээлешкен. Негизинен бакшы менен думананын айырмачылыктары жок. Бир гана айырмасы – думананын жашоосу жер кезип, эл кыдырып жүргөн. Алар, Жаратканга сыйынышып, “зикир чалуу” ырларын ырдашкан. Ал ырлардын максаты жана мазмуну, элдик адеп-ахлакка чакыруу менен катар,

жалпы элдин арасынан же бир үй-бүлөөнүн үйүнөн ар кандай илээшкен жин-шайтандарды кубалоо, оорулууларды дарылоо сыяктуулар болгон. Окумуштуу Ы. М. Мукасовдун айтуусу боюнча, шамандар, бакшылар жана бүбүлөр жогорку билимдүү болушкан; алар – акын да, музыкант да, кайыптан кабар алуучулар да, жана дарыгер да болушкан [10].

Элдик обондуу ырлардын негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири – бул *варианттуулук.* Ырлардын тексттеринин жана обондорунун көп вариантта болушу мыйзам ченемдүү көрүнүш. Бул, тилдин байлыгын, обондордун көп түрдүүлүгүнүн далили болот. Варианттуулук тууралуу музыка таануучу Т. М. Склютовская мындайча түшүнүгүн берген: “Формаларды калыптандыруу процессинде, эң негизгиден болуп, баштапкы тематизмдин варианттык-вариациялык методу, материалдын интенсивдүү интонациялык өсүүсү, өнүгүүнүн кайталоо принциби менен өзүнчө мүнөздүүлүктө шайкеш келет, ал эми структурасынын мобилдүүлүгүнүн бир бүтүндүүлүккө ээ болуусу эсептелет” [11].

Элдик ырлардын текстинде, обонунда коңшу өлкөлөрдүн ырларына мүнөздүү учурлар да кездешет, өз ара карым-катнаш, соода-сатык, маданий байланыштардын таасири экендиги талашсыз. Бул таасирленүү ыр чыгармачылыгында, композиция курууда, көркөм сүрөттөөдө, обонунда белгилүү бир деңгээлде байкалат.

Ырчы-аткаруучу мурда тааныш ырды аткарууда, обондуу ырдын ладдык жана обондук өнүгүүсүнө, ырчылык-аткаруучулук салттуу ыкмаларына мүнөздүү келген, өзүнө көндүм болгон ырдоо интонацияларын колдонот. Башкача айтканда, мында, ырчы-обончу чыгарманы жаратууда, эл ичинде нечен кылымдар бою салттуу түрдө топтолгон чыгармачыл тажрыйбасын кеңири колдонот.

Мыкты жаралган бир обончунун ыры, башка ырчы-аткаруучулардын репертуарынан да кеңири орун алат. Бул, чыгарманын келечектеги көп вариантуу өнүгүүсүнө таасирин берет. Башка ырчы-аткаруучунун чыгармачыл эргүүсү аркылуу, жанга жагым кайрыктагы бул ырлардын обондорунун жана сөздөрүнүн нукура өзөгү өзгөрүлбөстөн, кайрыктарында өзгөрүүлөр болуп өтөт. Кээ бир ырлардын кайрыктарынын дээрлик көпчүлүк кайрыктары өзгөрүүгө дуушар болот. Бирок, обондун нукура өзөгү сакталуу боюнча калат. Мында, ар бир ырчы-аткаруучу ырдын обонуна өзүнүн кошумчаларын кошуу менен, өзүнүн шакирттерине үйрөтөт. Ошондой эле, анын шакирттери обонго өзүнүн өзгөрүүлөрүн киргизип, кийинки муунга өткөрөт. Ырдын оозеки түрдө өздөштүрүүнүн мына ушундай процессинин натыйжасында, элдик обондуу ырлардын көп варианттуулугу пайда болгон.

В. В. Виноградовдун жазып алган элдик “Бекбекей” ырынын эки вариантын карап көрөлү. Биринчиси – кадимки эле эл ичине кеңири тараган “Бекбекей” ыры. Ырдын экинчи варианты болсо, кийинчерээк, Октябрь революциясынан кийин, коллективдүү чарбалар уюшулган мезгилде пайда болгон. Ал, “Колхоз бекбекейи” деген аталышта аткарылган. Бул ырда, биринчи вариантындагы сөздөрүнүн мазмуну, Бекбекей менен Саксакай образдары толугу менен сакталган. Обондун түзүлүшү да жалпы жонунан сакталып калган. Ошондой болсо да, ырдын жаңы сапатка – ыргактык (ритмдик) жагынан өтө так келген метроритмикалык түзүлүшкө (2/4 өлчөмдөгү) ээ болушу айырмаланып турат [12,13].

Обондуу ырлардын көп варианттуулугу боюнча мисалдар арбын. Дагы бир “Кайгылуу Какей” аттуу ырын карап көрөлү. А. Затаевичтин жазып алган “Кайгылуу Какей” ырынын, С. Кочкорбаевдин аткаруусундагы жана Б. Кадырбаеванын аткаруусундагы эки вариантынын сөздөрү жана обондорунун негизги өзөктөрү сакталган. Ошондой болсо да, сөздөрүнүн муундарга бөлүнүшү жана обондорунун ыргактык (метроритмикалык) түзүлүшү жагынан алганда бир кыйла айырмачылыктарды көрөбүз. Ырдын С. Кочкорбаевдин аткаруусундагы вариантында обон чейректик жана сегиздик ноталар үстөмдүк кылган кайрыктарда берилген.

Ал эми, Б. Кадырбаеванын аткаруусундагы варианты негизинен сегиздик жана он алтылык ноталарда курулган. Ырдын поэтикалык текстинин мазмунунда, кайгыга батып, санаа тарткан кыздын ички сезимдери ачык көрсөтүлгөн.

Байыртадан бери элдик ырлар оозеки түрдө жаралуу менен, бир ырчыдан экинчи ырчыга, бир муундан экинчи муунга өтүп, өнүгүп сакталып келди. Элдик ырлардын өнүгүү процессинде, сөзсүз түрдө, ырдын обонунда да, сөзүндө да өзгөрүүлөр болуп турган. Анткени, ар бир ырчы-аткаруучунун аткаруучулук деңгээли, чеберчилиги, чыгармачылык эргүүсү ар башка болгон. Ар бир ырчы-аткаруучу сөзсүз түрдө өзүнүн жаңы кайрыкчаларын киргизген. Ошондуктан, элдик ырлардын көп варианттуулугу мына ушундан келип чыккан. Демек, эң алгачкы ырды жараткан аткаруучунун аты, бара-бара аталбай тээ байыркынын түпкүрүндө калуу менен унутулуп, “элдик” деген атка конгондугун айтууга болот. Бүгүнкү күнгө чейинки бүтүндөй элдик чыгармалар (ырлар, дастандар, термелер, кошоктор жана башкалар) мына ушундай таризде өсүп-өнүгүү жолунда болгон.

Элдик музыкалык-поэтикалык чыгармачылыгында, терең мазмундуу, ошону менен бирге кайталангыс жогорку көркөмдүү обондуу ырлардын үлгүлөрү көптөп саналат. Ал ырларды аткаруу, элдик ырчылардан эмоционалдык сезимталдуулукту, жогорку чеберчиликти, аткаруучулук бийик маданиятта угуучуларга жеткирүүнү талап кылган. Эл ичинде белгилүү болгон элдик обондуу ырлар, ал ырларды аткарган ырчылардын кийинки ышкылуу жаш муундарга кыйла таасирин тийгизгендигин көрүүгө болот.

Кыргыз элдик обондуу ырлары кыргыздардын музыкалык-поэтикалык чыгармачылыгынын негизги түрлөрүнөн болуп эсептелгендиги бизге маалым. Бүгүнкү күндө, элдик обондуу ырларга өтө дыкаттык менен мамиле кылуунун зарылдыгы турат. Элдик обонду ырларды, элдик ырчылык аткаруучулук өнөрүн келечек муундарга салттуу түрдө өткөрүп берүү негизги милдетибизден болуп саналат. Элдик салттуу ырчылык мектебин жана элдик обондуу ырларды аткаруучулуктун салттуу жолун келечек муундарга өткөрүп берүү менен, анын андан ары өнүгүүсүнө жана сакталуусуна мүмкүнчүлүк түзүлүүдө.

Байыртадан элдик обондуу ырлар оозеки түрдө, бир муундан экинчи муунга өтүү процессинин натыйжасында, алардын көп варианттуулугу өнүгүп келген. Бул жагдайда сөзсүз түрдө ырчы-акындардын төкмөлүгү орчундуу орунду ээлеген. Ырчы-акындардын төкмөлүк өнөрү салттуу түрдө улануу менен, аладын чыгармачылыгында варианттуулук өзүнүн өнүгүүсүн улантууда.

## Жыйынтык

Элдик ыр чыгармачылыгы элдик маданият тармактарынын эң маанилүүлөрүнүн биринен болуп саналат. Элдик ырчылык аткаруучулук маданиятында, ар кандай мүнөздөгү көз караштарда, анын элдин руханий байлыгын көрсөткөн феномен катары эсептелиши турат. Бүгүнкү күндө, кыргыз обондуу ырларына комплекстүү түрдө изилдөө иштери колго алынууда. Учурдагы маданий жашоо шарттарындагы өзгөрүүлөргө карабастан, обондуу ырларды сактоо, кеңири жайылтып өнүктүрүү үчүн, ыр чыгармачылыгы жогорку потенциалга ээ. Бул, баарынан мурда, бүгүнкү кыргыз коомчулугунда ыр чыгармачылыгынын аткарган функциясы менен шартталган. Ошондуктан, элдик ыр чыгармачылыгында, обондуу ырлардын сакталышы, өнүгүшү, кеңири жайылышы улуттук салттуулуктун өзгөчөлүгүнө жараша иш жүзүнө ашырылары белгиленген.

**Адабияттар тизмеси:**

1. **Исаева, Г.** Азыркы кыргыз поэзиясы тууралуу этюддар: макалалар [Текст] / Г.Исаева. – Бишкек, 2013.- 92 б.
2. **Арзыханова, А.А.** Культурные основы традиционного кыргызского общества [Текст] / А.А.Арзыханова // Вестник науч. журнал НАН КР.- Бишкек, 2015.- №4.
3. Кыргыздар. Санжыра, тарых, мурас жана рухий дүйнө. 5-к. – Бишкек, 2002.- 275б.
4. **Абрамзон, С.М.** Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер[Текст] / Түз.: Ө. Караев, котор.: С. Мамбеталиев, Д. Сулайманкулов, С. Макенов. – Бишкек: Турар, 2013. – 63 б.
5. **Алагушов, Б.** Атай өлбөйт, мурастары өчпөйт. “Атай: ырлар, күүлөр, эскерүүлөр” китебинде [Текст] / Б.Алагушов. – Бишкек, 2001. – 21 б.
6. **Беляев, В.М.** Очерки истории народов СССР [Текст] / В.М.Беляев. – М.: Музгиз, 1962.- 8 с.
7. **Затаевич, А.** Кыргыздын аспаптык күүлөрү жана обондору [Текст] / А.Затаевич.-М.: Советский композитор, 1971.- 379 б.
8. **Токомбаева, А.** Кошок. “Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки” китебинде[Текст] / А. Токомбаева. – Фрунзе, 1973.- 120 б.
9. **Болсуналиев, Ч.** Манасчы жөнүндө. Улуу манасчы Сагынбай: кзалдар, эскермелер, иликтөөлөр[Текст] / Ч.Болсуналиев. – Бишкек: Ал-Тоо, 1992. – Б.130-131.
10. **Мукасов, Ы.М.** Ранние формы религии в контексте возникновения философской мысли кыргызского народа[Текст] / Ы.М. Мукасов // НАН КР, ИФПиСПИ им. А.А. Алтмышбаева. – Бишкек: Maxprint, 2019.- 157 с.
11. **Склютовская, Т.М.** Кыргызская камерно-инструментальная музыка [Текст] / М.Т. Склютовская. – Ф.: Адабият, 1989. – 10 с.
12. **Виноградов, В.С.** Киргизские народная музыка [Текст] / В.С. Виноградов. – Фрунзе, 1958.- 260 с.
13. **Сулайманова, М.И.** Кыргызские и узбекские народные песни и родственное доверие [Текст] / М.И.Сулайманова // Наука.Образование.Техника.- Ош: КУМУ, 2021.- С.115-119.

DOI:10.54834/16945220_2023_3_149

Поступила в редакцию: 29.10.2023 г.

**УДК 781.3**

***Колдошов Т.Р.***

*к.филол.н., доц. Кырг. гос. универ. культ. и иск. им. Б.Бейшеналиевой,Кыргызская Республика*

## КЫРГЫЗ ЭЛ ЫРЛАРЫНЫН ГЕНЕЗИСИ: ТАРЫХЫЙ-МАДАНИЙ КОНТЕКСТ

*XXI кылымдын башы менен, элдик салттуу маданиятка, фольклорго, элдик искусствого болгон кызыгуулар менен көңүл буруулар, кыргыз коомчулугуна улуттук иденттүүлүктү, тарыхый эстеликтерди калыбына келтирүү талаптарына, элдин руханий дүйнөсүн өнүктүрүүгө таасирин тийгизүүдө. Ошондуктан, бүгүнкү күндө руханий баалуулуктарга жана идеалдарга кайрылуу актуалдуу маселелерден болууда. Жумушта кыргыз эл ырларынын өнүгүүсү тарыхый-маданий контексте көрсөтүлөт. Элдик обондуу ырлар кыргыз элинин улуттук мүнөзү чагылдырылган бай мазмундуулугу жана жанрдуулугу өзгөчөлөнгөн поэтикалык-музыкалык искусство катары каралат. Эл чыгармачылыгынын тарыхый булактарынан болгон эдик ырлардын генезисин ачып берген ар кандай ой толгоолор каралат. Жумушта кыргыл элдик ырларынын салттуулугу жана бүтүндөй тарыхынын ичинде, элдин жашоо-тиричилиги менен байланышта болгондугу каралат. Автор негизинен элдик ырлар менен байланышкан тарыхый өнүгүүгө жана элдик ыр чыгармачылыгынын эстетикалык маанисине көңүлүн бурган. Ошондой эле элдик обондуу ырлар, адамдын руханий дүйнөсүн байытуунун формасы жана чыгармачыл ишмердүүлүгүнүн спецификалык түрү катары эсептелгендиги, коомдун жашоо-тиричилигинде анын маанилүүлүгүн аныктаган социомаданий потенциалга ээ экендиги, адамдын ишмердүүлүгүнүн бардык жактарына таасир берүү менен анын ички дүйнөсүн агартууга жана байытууга көмөк бергендиги ачып берилет.*

***Негизги сөздөр:*** *элдик ыр; элдик ырлардын генезиси; музыкалык фольклор; ыр жанрлары; музыкалык чыгармачылык; руханий баалуулук; этникалык салттуулуктар.*